Сабакка анализ берүүнүн этаптары каралган, сабакка психологиялык анализ берүүнүн предметинин көп кырдуулугу каралган: бул мугалимдин психологиялык өзгөчөлүктөрү башкача айтканда анын конкреттүү сабактагы инсандык өзгөчөлүктөрү, иш-аракетинин журүшү, окутуу процессинин мыйзам ченемдүүлүктөрү; окуучунун психологиялык жаш курактык өзгөчөлүктөрү жана инсандык мыйзам ченемдүүлүктөрү, жалпы класстын өзгөчөлүктөрү, башкача айтканда кандайдыр бир билимдерди өздөштүрүүлөрү, билүүлөрдүн жана ыктардын калыптануусу. Сабакка анализ берүү мугалимдин жөндөмдүүлүктөрүн, ошондой эле таанып-билүүчүлүк кызыгууларын өркүндөтөт, башкача айтканда баланын сабакты кабыл алып түшүнүүсү, эске тутуусу, ошондой эле окутуу менен тарбиялоонун психологиялык проблемаларын өз алдынча окуп үйрөнүүнүн зарылдыгын көрсөткөн. Сабакка анализ берүүнүн ар кандай компоненттери камтылган. Сабакка анализ жалпы психологиялык позиция менен өткөзүлө тургандыгы аныкталган. Негизги сөздөр: сабак, мугалимдин психологиялык өзгөчөлүктөрү, анализ, психологиялык мааниси, окутуу процесси, мыйзам ченемдүүлүктөр, окуучу, психологиялык өзгөчөлүктөр, инсан, жалпы класстар, өзгөчөлүктөр.

Сабакка анализ – бул оюнда өтүлгөн сабактын максатын, пландалган иши менен аткарган ишин салыштыруу аркылуу сабактын натыйжасын окуучулардын өздөштүрүүлөрүн эске алуу менен баалоосу.

1-этап. Алгачкы көз караш?

- Сабактын жалпы бааланышы кандай?
- Кандай маанай (жакшы, орточо, начар, өтө начар)?
- Мугалим өзүнө ыраазыбы (ыраазы эмеспи)?
- Ойлогондорунун баары ишке аштыбы же жетишпей калдыбы?
- Окуучулар сабакта кандай иштешти (активдүүлүктөрү, ишке жөндөмдүүлүктөрү, көңүл буруулары, ишке болгон мамилелери, жоопкерчиликтүүлүктөрү, өз алдынчалыктары ж.б.)?
- Окуучулар менен байланыш түзүлдүбү, психологиялык микроклимат жакшы маанайдабы, кайдыгер караган окуучулар болгон жокпу?
- Өзүн сабакта алып жүрүүсү, сабак өтүү стили жана методдору өзүнө жактыбы?
- Сабак учурунда тартип кандай болду? ж.б.

**2-этап.**

- Сабакка коюлган милдеттер аткарылдыбы?
- Кандай окуу каражаттары колдонулду?
- Көрсөтмө куралдар жана техникалык каражаттар даярдалганбы?
- Сабакка класстык доска даярдалганбы?
- Сабактын милдеттери программанын мазмунуна жооп береби?
- Сабакта окуучулардын кандай билим, билүү, ыктары калыптанды жана бекемделди?

• Сабакта кандай материал окуучулардын чыгармачылык күчүн жана жөндөмдүүлүктөрүн өстүрүүгө түрткү берди?

• Мугалим окуучулардын өнүгүүлөрүнө шарт түздү (логикалык ой жүгүртүүлөрүнүн өнүгүүсүнө, салыштырууга, жыйынтык чыгаруусу)?

• Кайсы жалпы окулуучу жана атайын билүүлөр жана ыктар өнүгүп өстү?

• Предметтер аралык байланыштар кандайча ишке ашууда?

• Сабактын мазмуну окууга болгон кызыгууну жарата алдыбы?

• Окутуу принциптери кандайча ишке ашууда?

• Колдонулган методдор жана приемдор натыйжа бердиби?

• Сабак өтүүнүн ар кандай формалары айкалыштыбы: жекече, группалык, класстык?

• Окуучулардын ар түрдүү иш аракеттери кезектешип өтүлдүбү;

• Окуучулардын иш-аракеттерине көзөмөл кандайча жүргүзүлдү;

• Окуучулардын билими жана билүүлөрү кантип бааланды;

• Кийинки сабакта тезинен эмнелерди оңдоп, өзгөртүп, толуктоо керек?

Педагогикалык иш-аракет түрдүү формада өтүүсү мүмкүн, бирок, мугалим менен окуучунун биргелешкен иш-аракети өткөн, өзгөчө белгиленгени сабак болуп эсептелинет.

Катышуучулар, өзгөчө мугалим, аркылуу окуу иш-аракетин аң-сезимдүү объективдештирүү ыкмаларынын бири бул сабакка анализ берүү. Кандай гана сабакка анализ берилбесин, анын психологиялык, педагогикалык, методикалык жана предметтик аспектилери тыгыз байланышын эске алуу менен, комплекстүү кароо керек.

Сабакка анализ берүү сабакты өтүп жаткан мугалимдин өзүнүн өнүгүүсүнө, өзүн өзү таанып-билүүсүнө маанилүү болуп, бүтүндөй сабактын жүрүшүн жакшыртууга мүмкүндүк түзөт. Мындай анализдин негизинде мугалим сабагын аңдап билүүгө, ар бир компонентин өз алдынча баалоого мүмкүндүк алат.

Сабакка психологиялык анализ берүү менен мугалим өзүнүн теориялык билиминин негизинде окутууда колдонгон ыкмаларын, ыктарын жана класс менен болгон байланыштарын маани берүү менен түшүнө алат. Өзүн педагогикалык иш-аракеттин субъектиси катары, өзүнүн жүрүм-турумун, алдуу жана алсыз жактарын аңдап билүүсү бул мугалимдин предметтик-инсандык жөндөмдүүлүктөрүнүн өтүшү жана натыйжасы.

Сабакка психологиялык анализ берүүнүн предмети көп кырдуу: бул мугалимдин психологиялык өзгөчөлүктөрү башкача айтканда анын конкретүү сабактагы инсандык өзгөчөлүктөрү, иш-аракетинин журүшү, окутуу процессинин мыйзам ченемдүүлүктөрү; окуучунун психологиялык өзгөчөлүктөрү жана инсандык мыйзам ченемдүүлүктөрү, жалпы класстын өзгөчөлүктөрү, башкача айтканда кандайдыр бир билимдерди өздөштүрүүлөрү, билүүлөрдүн жана ыктардын калыптануусу.

Сабакка анализ берүү мугалимдин жөндөмдүүлүктөрүн ошондой эле таанып-билүүчүлүк кызыгууларын өркүндөтөт, окутуу менен тарбиялоонун психологиялык проблемаларын өз алдынча окуп үйрөнүүнүн зарылдыгын аныктайт.

Сабакка толук анализ берүү бул синтездөө аркылуу анализдөө, башкача айтканда синтез, анализ менен белгиленген элементтердин маанилүү байланыштарын жана таасирлерин ачып, бөлүнгөн бүтүндүктү калыбына келтирет. Сабак учурунда мугалим ар бир окуучу, берип жаткан материал, бүтүндөй класс менен көп кырдуу байланыштарга катышат. Кандайдыр бир байланыштарды түзүү менен мугалим окуучу үчүн жаңы сапаттарда жана касиеттерде белгиленет: жаңы маалыматты берген учурда мугалим катары; коммуникативдик жагдайларды, баарлашуу жагдайларын уюштурганда, кызыктуу маектешүүчү катары; окуучулар менен маселелерди чечип жатканда, изилдөөчү катары; ырларды, текстти жатка окуп жатканда, аткаруучу катары аныкталат. Негизинен сабакка анализ жалпы психологиялык позиция менен өткөзүлөт.

1. Сабактын өтүлүүсү жөн гана сабакты өтүп коюу эмес жана жөн гана программа аныктаган суроолорду чечмелөө эмес, мында сабактын негизинде окуучунун инсандык өзгөчөлүктөрүнө таасир этүү жана берилүүчү материалдын негизинде балдардын кандайдыр бир интеллектуалдык, моралдык, эрктик жана башка инсандык сапаттарын калыптандыруу ишке ашат. Сабак учурунда интеллект аркылуу сезимдерге жана сезимдер аркылуу интеллектке таасир этүүнү билүү зарыл. Окутуу процесси окуучунун интеллектуалдык сферасына гана өзгөртүү киргизбестен, анын толук психикалык өнүгүүсүн өзгөртөт. Окуучунун инсандык түзүлүшүнө өзгөртүү киргизбеген окутуу өнүктүрүүчү боло албайт.

2. Окуучунун инсандык түзүлүшүндө, окуучу ички өздүк түрткүнүн негизинде аракеттенсе, өзгөрүүлөр болот. Зордук менен өздөштүрүлгөн кыймыларакеттер шарттын алмашуусу менен бузулат. Ошондуктан окуучунун таанып-билүүчүлүк активдүүлүктөрүн жана кызыгууларын стимулдап, мүмкүнчүлүгү жетпеген тапшырмаларды аткарбай калгандыгы үчүн жазалабастан, окуучунун ички мотивдерин козгоочу иш-аракеттерди уюштуруу зарыл.

3. Тарбиялоочу окутууну толугу менен сабактын тарбиялык учуру деп айтууга болбойт. Сабактын ар бир элементи маңызы боюнча окуучуну тарбиялоочу болуусу керек. Тарбиялоочу каражаттарды, формаларды жана методдорду координациялоочу борбор болуп конкреттүү тарбиялык максат эсептелинет. Кандай гана сабак болбосун борбордук компоненти бул окуучунун таанып-билүүчүлү иш-аракетин уюштуруу. Таанып-билүү процесстердин баштоочулары болуп ойлом жана элес эсептелинет. Аналитикалык-синтетикалык иш-аракеттин негизинде, аталган процесстер аркылуу билимдердин жана интеллектуалдык ыкмалардын калыптануусу, проблемалуу суроолорду изилдөө жана маселелерди чыгармачыл чечмелөө ишке ашат. Ойлом менен элестин эффективдүү иштөөсүнүн зарыл шарттары болуп, окуучулардын кабыл алуусун жана эс тутумун туура уюштуруу, белгилүү багыттарды жаратуу жана көңүл бурууну уюштуруу эсептелинет.

5. Окутуунун жетишкендиктери сырткы факторлорго гана көз каранды эмес, башкача айтканда сабактын мазмуну, мугалимдин окутуу методикаларынын жана чеберчиликтеринин өркүндөөсү ж.б., ошондой эле ички шарттарга да көз каранды, башкача айтканда окуучунун индивидуалдык психологиялык өзгөчүктөрү. Сабактын жогорудай трактовкаланышы толугу менен окутуунун өнүктүрүүчү принцибин гана чагылдырбастан, анын проблемалуулугун, мотивдештирилгендигин жана окуучунун индивидуалдык өзгөчөлүктөрүн эске алуу зарылдыгын белгилейт. Жыйынтыктап айтканда, сабакка психологиялык анализ берүүдө төмөнкүлөргө токтолуу зарыл: - Окутуу процесси окуучунун интеллектуалдык сферасына гана өзгөртүү киргизбестен, анын толук психикалык өнүгүүсүн өзгөртүү; - окуучунун ички мотивдерин козгоочу иш-аракеттерди

уюштуруу; - сабактын ар бир элементи маңызы боюнча окуучуну тарбиялоочу болуусу; - таанып билүү процесстер аркылуу билимдердин жана интеллектуалдык ыкмалардын калыптануусу, проблемалуу суроолорду изилдөө жана маселелерди чыгармачыл чечмелөө; - сабактын проблемалуулугун, мотивдештирилгендигин жана окуучунун индивидуалдык өзгөчөлүктөрүн эске алуу зарылдыгы болуп эсептелет.